# ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КУТТУКТООЛОР

## Урматтуу мекендештер!



Урматтуу кадырман калкым, замандаштарым! Жакшылык аруу тилектер менен күткөн жаңы жыл да жаңырганы турат. Узап бара жаткан 2022-жыл Кыргыз парламенти өтө зарыл болгон мыйзам актыларын карап, кабыл алуу менен шайлоочулардын көптөгөн суроо-талаптардын үстүндө иштеди. Калкыбыздын жашоо-турмушун жакшыртуу жана өлкөдөгү саясый абалды турукташтыруу маселелери да көңүл борборунда болду. Парламент менен Өкмөттүн ортосунда тыгыз байланышта иш жүрүп, аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгү менен байланышкан бир топ мыйзамдар кабыл алынды. Жаңы жыл босогосунда туруп, элибиздин бейпилдигине, өлкөбүздүн келечек тагдырына ак жол каалайлы. Ар бир кыргызстандыктын алдыга койгон ой-максаты ишке ашсын. Баарыңыздарга бардар турмуш, бакубат жашоо, чың ден соолук, иштериңиздерге албан ийгиликтерди каалайм.

**Бакыт ТЕНТИШЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты**

## Урматтуу Чүй облусунун тургундары, эмгек ардагерлери, кесиптештерим!



Сиздерди келе жаткан жаңы 2023-жылыңыздар менен ак дилимден куттуктайм.

«Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы» деген Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун жарлыгына ылайык өлкөбүздүн өнүгүшүнө бир топ өбөлгөлөр түзүлүп, зор ийгиликтер жаралды. Кыргызстан келечекте чыныгы демократиялуу, ар тараптан өнүккөн мамлекеттердин көчүнө кошула тургандыгына ишенемин. Кыргыз элин ийгилик, оомат коштосун, жергебизге кут консун, жакшы турмуш жаратуу үчүн жасаган кадамдарыбыз арыбасын. Кыргыз Республикасынын пайдубалы дагы бекемделип, чамгарагы бийик көтөрүлүп, кыргыз элинин бекем ынтымакта бактылуу өмүр сүрүшүн тилеймин. Ар бириңиздерге бекем ден соолук узак өмүр каалаймын.

**Сыргак КЫДЫКЕЕВ,**
**Чүй облустук мамлекеттик администрация башчысынын кеңешчиси**

## Урматтуу мекендештерим жана кесиптештерим !



Сиздерди босогодо турган жаңы 2023 – жылыңыздар менен ак дилимден куттуктайм. Өтүп бараткан 2022-жыл элибиз үчүн зор өзгөрүүлөрдүн жылы болду. Эл ичиндеги ынтымактын, тынчтыктын сакталышына милиция кызматкерлери да өзүнүн салымын кошуп, коопсуздуктун сакталышына өзгөчө көңүл буруп келүүдө. «Ырыс алды – ынтымак» дегендей эл ичинде достук, ынтымак-ырашкердик, биримдик бекемдеп бейпил турмуш өкүм сүрсүн. Элибиздин ишенимин аткарууда милиция кызматкерлери мындан ары да өлкөбүздөгү коомдук тартипти жана коомдун коопсуздугун сактоо үчүн бардык иш аракеттерин жумшай берет деп терең ишенемин.

Жаңы жылда кыргыз элиме,кесиптештериме кажыбас кайрат, карыларыбызга узак, салабаттуу, нарктуу карылык, жаштарга талыкпас эмгек каалайм.

**Сапарбек АСАНАЛИЕВ,**
**Чүй облусунун ИИББнын начальниги, милициянын полковниги**

# «АЛТЫНКЕН» ЖЧКсы БАЛДАРГА КУБАНЫЧ ТАРТУУЛАЙТ



2022-жылдын 22-декабрында Кемин райондук маданият үйүндө жаңы жылга карата балаты майрамы болуп өттү.



Бул иш-чарага Кемин райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан райондун бардык конуштарынан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар чакырылган.

Балдарды жана алардын ата-энелерин Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Алайбек Жумаев жана «Алтынкен» ЖЧКсынын башкы директорунун биринчи орун басары Каныбек Дыйканов куттуктады.

Райондун маданият бөлүмү тарабынан балдарга майрамдык концерт даярдалып, «Алтынкен» ишканасы тарабынан балдарга жаңы жылдык белектер тартууланды.

Иш-чаранын уюштуруучулары өзгөчө балдар үчүн майрамдык маанай түзүүгө аракет кылышты. Балдар Аяз ата, Аяз кыз жана башка жомок каармандары менен бирге ыр айтып, ырдап, бийлешти.







«Алтынкен» ЖЧКсы салттуу түрдө жергиликтүү бийликтин демилгесин колдоп, 107 жаңы жылдык белек даярдады. Көптөгөн ата-энелер балдарынын жылмаюусун көрүп, белектери үчүн компаниянын өкүлдөрүнө ыраазычылык билдиришти.

Майрам аяктагандан кийин уюштурулган жаңы жылдык майрам ийгиликтүү өткөнү белгилүү болду. Балдары бар ата-энелер көпкө чейин тарабай, белек катары карап, кооздолгон балатыга жакын сүрөткө түшүштү.

«Алтынкен» ЖЧКсы ар дайым балдарга жылмаюу тартуулаганына кубанат.

Кубат АБЫШОВ





